«БЕКИТЕМИН»
С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илим жана инвестиция тартуу боюнча проректору, а.-ч.и.к.

Нурдинов М. С. ________________
2024-жылдын 10-сентябры

**Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары» аттуу диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин**

**ПИКИРИ**

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, автордун диссертацияда баяндалган натыйжаларды алууга конкреттүү жекече катышуусу.** Изденүүчү А. Ш. Ажыбаев өзү аткарган диссертациянын темасынын актуалдуулугун төмөнкүчө аныктайт: «…эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, жанрдык табиятын, орду менен ролун, өнүгүү тенденцияларын, түрлөрү менен формаларын ар тараптан ачып көрсөтүү – илимий ишибиздин актуалдуулугун туюндурат» [4-б.]. Арийне, бул аныктамага толук макулбуз, анткени кыргыз профессионал адабиятынын ар түрдүү проблемаларына арналган илимий изилдөөлөрдүн арасында азыркыга чейин андагы эпистолярдык форманын өнүгүүсүн ар тараптуу караштырган эмгек жок болчу. Изденүүчү кыргыз адабият таануусунун алкагында али талдоого алына элек ушул теманы изилдөө менен актуалдуу адабият таануучулук проблеманы ийгиликтүү чечүүгө жетише алган. Тагыраак айтканда, ал кыргыз адабият таануусунда алгач ирет кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын тутумдуу түрдө изилдөөнү жүзөгө ашырган, анын алкагында бир катар маанилүү илимий натыйжаларды алган.

Диссертант А. Ш. Ажыбаев автор катары аталган диссертациянын мазмунунда чагылтылган төмөнкү натыйжаларды жекече алууга жетишкен:

1. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башаты Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде, элдик оозеки чыгармачылыкта, орток-түрк адабиятында жатарын, бул форма кийин жазгыч акындардын жана жазуучулардын чыгармачылыктарына көчүп киргенин туура көрсөткөн.

2. Кыргыз адабиятынын поэзия жанрында эпистолярдык форма лирикалык кайрылуу формасындагы ырларда жана сатиралык кайрылуу формасындагы чыгармаларда жакшы өнүккөндүгүн далилдүү фактылар менен белгилеген.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 40/04-8
«12» 09 2024 г.

3. Кыргыз адабиятынын проза жанрында эпистолярдык форма ал убактагы тарыхый өзгөчөлүктүн тутумунда кейипкердин ички дүйнөсүнүн, жүрүм-турумунун мотивдерин терең ачып берип, сюжетти динамикалуу, эмоционалдуу өнүктүрүп, чыгарманын көркөм-поэтикалык деңгээлин жогорулатуу максатында колдонулгандыгын жетиштүү сандагы мисалдар менен ачык-айкын чагылдырган.

4. Адабий каттар кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларында өзүнчө ыкма катары колдонулуп, кейипкерлердин сезим-туюмдарын, моралдык-психологиялык абалдарын, өз ара мамилелерин ж.б. ачып берүү үчүн колдонулса, сүрөткерлер жекече каттарында саясый, коомдук чоң маанилери бар маселелерди көтөрүп, коомчулуктун көңүлүн бурушкандыгын туура белгилеген.

Изденүүчү тарабынан алынган бул илимий натыйжалар өз алдынчалыкка ээ жана кыргыз адабият таануусунун алкагында жаңы болуп саналат.

**Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишеничтүүлүк даражасы, алардын жаңылыгы жана практикалык мааниси**. Изденүүчү А. Ш. Ажыбаевдин диссертациясында алынган илимий натыйжалардын ишеничтүүлүк даражасы жогору. Анткени, ал изилдөөнүн алкагында өзү келген тыянактардын бардыгын жалпы эле дүйнөлүк адабияттын, анын ичинде кыргыз адабиятынын тарыхынан көптөгөн конкреттүү мисалдарды келтирүү менен бекемдеген, өз талдоолоруна адабияттык фактыларды билгичтик менен киргизген. Алсак, ал эпистолярдык форманын илимий-теориялык негиздерин туура аныктаган, анын генезисин, классификациясын, жанрдык табиятын кеңири мүнөздөп берген, кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башаттарын туура белгилеген, анын илимий изилдөөнүн объектиси боло аларына көзү жеткен, жеке адабий каттардын бөтөнчөлүктөрүн так көрсөтө алган, кыргыз адабиятынын поэзия, проза жанрларында эпистолярдык форманын орун алуусун жана өнүгүүсүн конкреттүү фактыларга таянып талдап берген, ошонун негизинде кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын аткарган көркөмдүк кызматтары тууралуу өз көз карашын билдирген. Изилдөөнүн натыйжаларынын ушул биз келтирген кыскача сыпаттамасы алар толук ишеничтүү, илимий жаңылыкка ээ экендигин даана көрсөтүп турат.

Ал эми изилдөөнүн практикалык маанисине келсек, диссертациянын материалдары кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү багыттары, кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармачылыгындагы эпистолярдык форманын ээлеген орду жана мааниси боюнча курстук иштерди, квалификациялык бүтүрүү иштерин, магистрлик жана кандидаттык диссертацияларды аткаруу үчүн теориялык-методологиялык негиз, таяныч катары колдонула алат. Ошондой эле изилдөөдө алынган натыйжаларды жогорку окуу жайларда, жалпы билим берүүчү орто мектептерде адабият сабагын окутууда, адабий курстарды уюштурууда пайдаланууга болот.

**Изденүүчүнүн илимий эмгектеринин баалуулугу**. Албетте, изденүүчү А. Ш. Ажыбаевдин бул диссертациясы адабият таануучулук эмгек катары

баалуулукка эгедер. Диссертант өзү аткарган изилдөөнүн темасынын алкагында баш-аягы 8 (сегиз) илимий макаласын жарыялаган. Анын ар бир макаласы диссертациянын мазмунунда конкреттүү бир изилдөөчүлүк милдетти чечүүгө багышталган. Алсак, автор өзүнүн макалаларында кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башаттарын, кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын типтерин, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, кыргыз адабиятынын поэзия жана проза жанрларындагы эпистолярдык форманын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талдап чыккан. Демек, анын илимий макалалары дагы кыргыз адабият таануусунда ушул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн баалуу булактар катары карала алат.

**Диссертация туура келген адистик**. Изденүүчү А. Ш. Ажыбаевдин «Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары» аттуу диссертациясынын темасы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен туура келет. Анткени, эпистолярдык форма дүйнөлүк адабияттын тарыхында антик доорунан бери келе жаткан тарыхы узак жанр. Бул жанр тууралуу дүйнөлүк адабият таанууда түптүү эмгектер жаралып, жанрдын табияты кеңири талдоого алынганы менен, кыргыз адабият таануусунун алкагында бул форма изилдөөнүн объектисине айлантылбай келген. Бул форма тууралуу кыргыздын айрым адабиятчы-окумуштуулары өз эмгектеринде үстүрт сөз козгоп келишкен. Ал эми диссертант А. Ш. Ажыбаев өз изилдөөсүндө эпистолярдык форманын илимий-теориялык негиздерин, анын кыргыз адабиятындагы башаттарын, өнүгүү тенденцияларын жана көркөмдүк кызматтарын комплекстүү изилдөөнү жүзөгө ашырган. Бул болсо аталган диссертация 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигине толугу менен туура келерин күбөлөндүрөт.

**Диссертациянын материалдарынын изденүүчү жарыялаган эмгектерде толук баяндалуусу**. Диссертациянын түзүмү киришүүдөн, үч баптан, ар бир баптар боюнча тыянактардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан куралган. Ушул түзүмдүк бөлүмдөрдө камтылган ойлор, көз караштар жана тыянактар изденүүчүнүн басма сөз беттеринде жарык көргөн макалаларында белгилүү даражада толук баяндалган. Алсак, диссертант «“Эрксиз күндөрдөгү” эпистола», «Б. Сарногоевдин чыгармачылыгындагы эпистолярдык форманын орду», «Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрү», «Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башат-булактары», «Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын типтери», «Кыргыз адабиятынын проза жанрындагы эпистолярдык форма», «Генезис эпистолярной формы», «Эпистолярная форма в творчестве Ч.Айтматова» деген аталыштагы мазмундуу эмгектерин басып чыгарган. Бул болсо изденүүчүнүн материалдары диссертация корголгонго чейин эле коомчулуктун сынына коюлганын, диссертант буга чейин эле өз көз караштарын илимий коомчулук менен бөлүшкөнүн айгинелейт.

**Изилдөөдө учураган мүчүлүштүктөр**. Биринчи бапта камтылган изилдөөнүн теориялык-методологиялык өбөлгөлөрү тууралуу талдоодо

дүйнөлүк адабияттагы эпистолярдык форманын кеңири белгилүү үлгүлөрү жөнүндө илимий маалыматтар азыраак. Экинчи бапта изилдөөнүн методологиясы жана материалдары туурасында кенен талдоо жүрбөй калган. Үчүнчү бапта жалаң изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжаларга басым жасоо туура болмок деген ойдобуз. Анткен менен, бул иш экинчи жана үчүнчү баптарда жүзөгө ашырылган.

Жогоруда белгиленген мүчүлүштүктөр изилдөөнүн жалпы мазмунуна терс таасирин тийгизе албайт. Изденүүчү өз оюн так, ынанымдуу бере алган, талдоолорун фактылык материалдар менен коштогон. Диссертация коюлган талаптарга толук жооп берет жана аны коргоого сунуш кылса болот.

**Коргоого карата сунуштар**. С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз жана орус тилдери, чет тилдери кафедраларынын кеңейтилген отуруму Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары» аттуу диссертациялык ишин Д 10.23.667 диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылат.

## КОРУТУНДУ

1. Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин «Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары» аттуу диссертациялык изилдөөсү 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги үчүн чоң мааниге ээ болгон актуалдуу максатты – кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын ар тараптан ачып көрсөтүү максатын чечүүнү камтыган толук аягына чыгарылган илимий-квалификациялык иш болуп саналат.

2. А. Ш. Ажыбаев өзүнүн бул изилдөөсү үчүн 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толугу менен татыктуу.

3. Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары» аттуу диссертациялык иши 2024-жылдын 10-сентябрында С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз жана орус тилдери, чет тилдери кафедраларынын кеңейтилген отурумунда №2 протокол менен талкууланды.

**Кеңейтилген отурумга катышкандар:**
Г. А. Касаболотова – п.и.к., доц.м.а., отурумдун төрайымы; А. С. Жантаев – 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча ф.и.д., профессор; А. С. Айдаралиева – ф.и.к., доц.м.а.; Д. Ж. Арыпбекова – п.и.к., доц.м.а.; Ж. Б. Эгимбаева – п.и.к., доц.м.а.; Ж. Ж. Таштанкулова – п.и.к., доц.м.а.; Б. Аман кызы – п.и.к., доцент; Г. Сатылган кызы – 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча ф.и.к., доц.м.а.; Т. А. Өмүрканов – ф.и.к., доц.м.а.; Ж. К. Иманалиева – ф.и.к., доц.м.а.; З. Т. Ысакбаева – 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча ф.и.к., доц.м.а.; Ж. А. Токтомаметова – 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча ф.и.к., доц.м.а.; Н. А. Бийгелдиева – п.и.к., доцент;

Г. С. Усеналиева – улук окутуучу; А. С. Мукашова – окутуучу; Т. Аскар уулу – окутуучу, Б. М. Жунушбаева – окутуучу; Ж. Доскулова – методист, отурумдун катчысы.

**Отурумдун төрайымы,**
**п.и.к., доц.м.а.** **Г. А. Касаболотова**

**Отурумдун катчысы** **Ж. Доскулова**

Отурумдун төрайымы Г. А. Касаболотованын жана отурумдун катчысы Ж. Доскулованын койгон колдорунун тууралыгын тастыктаймын.

**Адам ресурстарын башкаруу**
**жана укуктук камсыздоо**
**бөлүмүнүн башчысы** **Н. М. Бабаева**

Кол тамгасын тастыктаймын:
Заверяю 10.09.2024
НМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Начальник отдела кадров
Бабаева Н.М.